Протокол №6

24.06.2022-ж

Бардыгы 15 мугалим

Катышты 10 мугалим

Күн тартиби:

1. 9-11-класстарынын бүтүрүүчүлөрүнүн Мамлекеттик аттестациялоосунун жыйынтыгы.

2. Негизги билим тууралуу күбөлүктөрүн жана 11-класстын жетишүү аттестаттарын тапшыруу тууралуу.

3. Жылдык иштерге анализ.

4. Аккредитациядан өтүү боюнча комиссия түзүү жана документтерди даярдоо жөнүндө.

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүм башчысы Иманакунова С. С. сүйлөдү. Апрель айында мугалимдер экзамен алуу боюнча жобо менен тааныштырылып, экзамен берүүчү сабактар такталды. Комиссия курамы түзүлүп, бекитилди. 10-майга чейин расписание түзүлүп, консультациялардын графиги илинди. Экзамендик материалдар даярдалып, бекитилди. Ден-соолугу боюнча экзаменден бошотулган окуучулар болгон жок. Экзамен 9-класста 11-июндан 21-июнга чейин, 11-класста 11-июндан 22-июнга чейин өткөрүлдү жана жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду. 9-класс математика 50% билим сапатын түздү, кыргыз тилден билим сапаты 64%, орус тилден. 78%, кыргызстан тарыхтан 78%, биология ( тандоо) 71%, англис тили (тандоо) 86% жалпы билим сапаты 71%, жетишүүсү 100% болду. 11-класста 5 окуучу кыргыз тилден 80%, кыргыз адабияттан 100% жалпы 96% билим сапат. Бардык экзамендер өз убагында жобонун негизинде өткөрүлдү.Келбей калган окуучулар болгон жок.

Экинчи маселе боюнча мектеп дироктору Сайдинова Дж.Б. сүйлөдү. Мамлекеттик аттестациясынын негизинде 9-класстын 14 окуучу негизги мектепти бүттү деп эсептелинип, негизги билими тууралуу күбөлүккө ээ болушат. 11-класстын 5 окуучусу орто мектепти бүттү деп эсептелинип жалпы билим берүү деп эсептелинип, жалпы орто билим жөнүндөгү аттестатка ээ болушат. 9-класска негизги билими күбөлүк 5-июлда. Ал эми 11-класска жалпы орто билими тууралуу аттестат 7-июльда тапшырылат.

Үчүнчү маселе боюнча мектеп директору Сайдинова Дж.Б. сүйлөдү. Быйылкы окуу жылында жылдык иштерге анализ жүргүзсөк. Жылдын башында түзүлгөн иш пландын негизинде иш алып барылды. Ички көзөмөл, ачык сабактар, тарбиялык иштер аткарылды.

Төртүнчү маселе боюнча мектеп директору Сайдинова Дж.Б. сүйлөдү.Аккредитацияга 3 ай калганда комиссия түзүлүп, керектүү документтер киргизиле башталуусу зарыл. Документтер такталып папкага чогултулсун.

Күн тартибинде маселелер толук талкууланып төмөнкүдөй чечим кабыл алынды:

1. 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы канааттандырарлык.

2. а) 9-класстын бардык окуучуларына негизги билим тууралуу күбөлүк 5-июлда тапшырылсын.

б) 11-класстын бардык окуучуларына жалпы орто билими тууралуу аттестат 7-июлда тапшырылсын.

3. Жылдык иштерге анализ канааттандырарлык деп эсептелсин.

4. Аккредитациядан өтүүгө өзүн-өзү баалоо анализин жүргөзүү үчүн төмөнкүдөй курамда комиссия түзүлсүн.

1.Сайдинова Дж.Б. - мектеп директору

2.Иманакунова С.С.- окуу бөлүм башчысы

3.Орозобаева Б.К. - социалдык педагог

4.Кыдырова А.М.- гуманитардык бирикме жетекчиси

5.Бейшекеева Ж.К. - так жана табигый илимдер бирикме жетекчиси

6.Солтонбаева А.Т. - башталгыч класстар бирикме жетекчиси

7.Жамангулова А. - Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн катчысы

8.Кадырова Г. - ата-энелер комитети

9.Болотбекова Р. - мектептин президенти

Директор: Дж.Б.Сайдинова

Секретарь: Ж.К.Бейшекеева